<table>
<tr><td rowspan="3">Q-2024-0001<br>(документтин шифри)<br>12<br>(беттин саны)<br>07.03.2024<br>(Бекитилген датасы)</td><td>Ош мамлекеттик университети</td></tr>
<tr><td>САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ</td></tr>
<tr><td>Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө жобо</td></tr>
</table>

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору
К.Г. Кожобеков
_______________
07.03.24-ж.

# Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө ЖОБО

**2024-жыл**

**Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө**

**ЖОБО**

**ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ**

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндө |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | ОшМУнун административдик кеңешинин 2023-жылдын 1-декабрындагы отурумунда талкууланып, жактырылып, № 11 протоколу менен бекитүүгө сунушталган. 2024-жылдын 1-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин № 6 протоколунун чечими менен кабыл алынган. |
| Документтин шифры | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын арасында жылдык рейтингди жүргүзүүнүн тартибин, жол-жобосун аныктап турат. |

**ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ**


| | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1-бет |
| Ченемдик документтин паспорту | 2-бет |
| Жалпы жоболор | 3-бет |
| Максаты, милдеттери жана мазмуну | 3-бет |
| Рейтингди уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыктарын таануу | 4-бет |
| Жумушчу топтун, окутуучунун, түзүм жетекчисинин укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери жөнүндө | 5-бет |
| Түзүмдөр тарабынан уюштурулган ички рейтинг, уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыктарын чыгаруу тартиби жөнүндө | 6-бет |
| Жобону өзгөртүү, толуктоо жана жокко чыгаруу тартиби | 7-бет |
| Тиркеме | 8-бет |

## 1. Максаты, милдеттери жана мазмуну

1.1. Профессордук-окутуучулук курамдын жылдык рейтинги жөнүндө жобо (мындан ары жобо) Ош мамлекеттик университетинде (мындан ары университет) илимий жана педагогикалык ишмердигин жүргүзүп, айлык акы алып эмгектенип жаткан кызматкердин (мындан ары окутуучу) академиялык ишмердүүлүгүн, маданий-массалык жана коомдук иштердеги салымын баалоонун, университеттин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүүнүн, окутуучунун ал рейтингдеги позициясын аныктоонун жол-жоболорун аныктап турат;

1.2. Профессордук-окутуучулук курамдын жылдык рейтингин (мындан ары рейтинг) аныктоонун максаты - университетте окуу-усулдук, илим изилдөө жана инновациялык ишмердикти жүзөгө ашырууда профессордук-окутуучулук курамдын (мындан ары ПО курам) кесиптик билиминин, усулдук даярдыгынын жана илимий компетенттүүлүгүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылуу, профессордук-окутуучулук курамдын илимий-педагогикалык ишмердигинин сапатын көзөмөлдөө аркылуу алардын кесиптик өнүгүүсү жана квалификациясын жогорулатуусу үчүн шарттарды түзүү;

1.3. Рейтинг төмөнкү маселелерди чечет:

- Университеттин кабыл алынган приоритеттүү багыттарына ылайык аныкталган стандарттарга ПО курамдын илимий-педагогикалык ишмердигинин шайкеш келүүсүн камсыздоо;
- илимий жана педагогикалык кадрларды мотивациялоо;
- ПО курамынын илимий-педагогикалык чеберчилигин андан ары өркүндөтүүнүн жолдорун аныктоо үчүн кесиптик милдеттерди аткаруу деңгээлине объективдүү баа берүүнү жана өзүн өзү баалоону камсыздоо;
- ваканттык кызмат орундарга дайындоодо, конкурстук негизде өткөрүлгөн вакантык орундарга шайлоодо же кайра шайлоого катышууда обьективдүүлүктү камсыздоо;
- окутуучунун семестрдик, жылдык окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн аныктоо;
- окутуучу менен университеттин ортосундагы эмгек келишимин түзүү, узартуу же мөөнөтүнөн мурда жокко чыгаруу чечимдерин кабыл алуунун обьективдүүлүгүн камсыздоо.

1.4. Рейтинг төмөнкү документтердин негизинде жүргүзүлөт:

**А. “Профессордук-окутуучулук курамдын жылдык рейтинги жөнүндө” жобо жана анын төмөнкү тиркемелери:**

- 1-тиркеме - “Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүүнүн жана упай топтоосунун жол-жобосу жөнүндө”;
- 2-тиркеме - академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча кошумча акы төлөө жобосу;

- 3-тиркеме - “Профессордук-окутуучулук курамдын жылдык рейтингине катышуусу үчүн нускама.

**Б. “Студенттердин ОшМУда билим алууга жана билим алуу шарттарына канааттануусун баалоо боюнча мониторинг жөнүндө” жобо жана анын төмөнкү эки тиркемеси:**

- №1 тиркеме - “Окутуучу студенттин көзү менен” студенттер арасында сурамжылоо;
- №2 тиркеме - “Окутуучунун академиялык чынчылдык көрсөткүчүн аныктоо” сурамжылоосу, анын жыйынтыктарын талдоо инструменти”.

## 2. Рейтингди уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыктарын таануу

2.1. Окутуучулардын жылдык рейтингин уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыктарын таануу иштерин жүргүзүү үчүн атайын жумушчу топ (мындан ары жумушчу топ) ар бир окуу жылында ректордун буйругу менен бекитилет. Жумушчу топтун курамы проректорлордон, структура жетекчилеринен, стратегиялык пландаштыруу, сапатты башкаруу, академиялык иштер, экономикалык пландоо, илимий иштер, инновациялар, студенттер менен иштөө түзүмдөрүнүн кызматкерлеринен, декандардан, колледждин директорлорунан, жогорку мектептердин, институттардын директорлорунан, кафедра башчылардан, ПЦК жетекчилеринен, профессордук-окутуучулук курамдын мүчөлөрүнөн, профсоюз уюмунун, студенттик уюмдардын мүчөлөрүнөн турат;

2.2. Жумушчу топ тарабынан рейтингдин критерийлери, упай топтоо саясаты, рейтингди уюштуруу, жүргүзүү жана жыйынтыктарын таануу механизмдери, студенттерге жүргүзүлүүчү сурамжылоонун мазмуну ар бир окуу жылынын 15-сентябрынан 30-октябрына чейин кайра каралып толукталат, окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет. Рейтингдин критерийлери ар бир окуу жылынын 15-ноябрынан кечиктирилбей, профессордук-окутуучулук курамга тааныштырылат;

2.4. Окутуучулардын рейтингин аныктоо санариптик маалыматтык системалардын негизинде жүргүзүлөт. Рейтингге катышуу үчүн ар бир окутуучу окутуучулук ишмердигиндеги эмгектеринин жана жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрүн ар бир окуу жылынын 10-мартынан 30-апрелине чейин атайын санариптик платформага жүктөйт. 30-апрелден кийин санариптик платформаны толтурууга, толуктоого, өзгөртүүгө болбойт. Окутуучу тарабынан санариптик платформа аркылуу толтурулган маалыматтардын тууралыгын к**афедра башчылары, ПЦК (предметтик циклдык комиссия) жетекчилери, бөлүм башчылары** (жогорку мектептердеги) (мындан ары **түзүм жетекчилери**) 1-майдан 20-майга чейин текшерет, тактайт, санариптик система аркылуу верификациялайт. Маалыматтар критерийге шайкеш келбеген учурда же далилдөөчү фактылардын чындыгы такталбаган учурда түзүм жетекчиси окутуучуга бул боюнча билдирүү менен верификациялабайт. Түзүм жетекчиси тарабынан верификацияланбаган маалыматтарды окутуучу кайра толтурганга мүмкүнчүлүк берилбейт.

2.5. Рейтинг бир окуу жылында бир жолу жүргүзүлөт. Окутуучулардын рейтинг боюнча алган упайлары санариптик маалыматтык системалар аркылуу топтолгон релеванттык маалыматтардын негизинде аныкталат;

2.6. Рейтингдин жыйынтыгынын негизинде университет кийинки жылга окутуучу менен эмгек келишимин түзүүнүн шарттарын аныктайт.

**3. Жумушчу топтун, окутуучунун, түзүм жетекчисинин укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери жөнүндө**

3.1. Рейтингди ишке ашыруу үчүн бир окуу жылы бою иштөөчү жумушчу топтун курамы бул жобонун 2.1. пунктуна ылайык 11 адамдан кем эмес санда түзүлөт. Жумушчу топтун төрагасы же төрайымынын милдетин бир проректор аткарат. Жумушчу топтун курамы бир окуу жылына ректордун буйругу менен аныкталат. Окуу жылы ичинде кандайдыр бир себептерден улам орду бошогон мүчөлүккө 2.1. пунктуна ылайык жаңы мүчө дайындалат;

3.2. Жумушчу топ рейтингдин критерийлерин, ага ылайык упайларды аныктайт, жумушчу топтун протоколу аркылуу бекитет. Жумушчу топ рейтингге катышуу үчүн атайын нускама иштеп чыгат жана профессордук-окутуучулук курамга 15-мартка чейин таркатат;

3.3. Жумушчу топ студенттерге жүргүзүлүүчү “Окутуучу студенттин көзү менен”, “Университет студенттин көзү менен” деп аталган эки сурамжылоонун инструменттерин түзөт, протокол аркылуу бекитет;

3.4. Жумушчу топ рейтингди өткөрүүнүн жылдык иш графигин түзөт, ректорго бекиттирет;

3.5. Жумушчу топ рейтингди жүргүзүүдө колдонулуучу санариптик маалыматтык системаларды түзүүгө, жакшыртууга сунуштарын иштеп чыгат, протокол аркылуу бекитет жана тиешелүү тараптарга берет;

3.6. Жумушчу топтун төрагасы же төрайымы (мындан ары төрага) жумушчу топтун иштөөсүн координациялайт, жаралган маселеге жараша тиешелүү тараптарга кызматтык каттарды, билдирүүлөрдү өз убагында жөнөтөт;

3.6. Жумушчу топтун төрагасы рейтингди жүргүзүүнүн санариптик инфраструктурасын иштеп чыгуу, кынтыксыз иштөөсүн камсыздоо максатында Иштеп чыгуучулардын (разработчиктер) жумушчу тобун ректордун буйругу менен түзөт, иштөөсүн координациялайт;

3.7. Талаш-тартыш жаралган учурда жумушчу топтун төрагасы пайда болгон ар түрдүү келишпестиктерди жоюу чечимдерин кабыл алууга, чараларды көрүүгө укуктуу;

3.8. Рейтингди жүргүзүү боюнча жетекчиликке алынган жоболордо жана тиркемелерде каралбаган жагдайларда тийиштүү чечимдер жумушчу топ аркылуу кабыл алынат жана жумушчу топтун отурумунун протоколу менен бекитилет;

3.9. Окутуучу рейтингдин критерийлери менен ар бир окуу жылынын 1-мартына чейин тааныш болууга укуктуу жана бекитилген графикке ылайык рейтингге катышууга милдеттүү;

3.10. Окутуучу рейтингдин критерийлери жана упайлары, студенттерге жүргүзүлүүчү сурамжылоо боюнча сунуштарын жумушчу топко 1-ноябрга чейин берүүгө укуктуу;

3.11. Рейтингдин критерийлери боюнча окутуучу өз эмгектерин жана жетишкендиктерин (мындан ары көрсөткүчтөр) туура, чын, анык, тастыкталган далилдер менен тастыкташы керек. Көрсөткүчтөрдүн чындыгы жана тууралыгы тастыкталбай калган учурда, окутуучунун алдоо аракети, эмгек тартибин бузуу катары кабыл алынып, рейтингде

топтогон упайларынын 50% кемитилет, бул чечим түзүмдүн (кафедра, ПЦК, бөлүм (жогорку мектептеги)) жетекчисинин билдирүүсү, түзүмдүн отурумунун протоколу аркылуу бекитилет;

3.12. Окутуучу тарабынан толтурулган көрсөткүчтөрдүн тууралыгын түзүм жетекчиси (кафедра башчылары, ПЦК жетекчилери, бөлүм башчылары (жогорку мектептердеги)) текшерет, тактайт, санариптик система аркылуу верификациялайт. Окутуучунун көрсөткүчүнүн чындыгы жана тууралыгы тастыкталбаган учурда ал критерий боюнча окутуучу толтурган маалыматтарды түзүм жетекчиси верификациялабай койгонго (ал чечимин окутуучуга жазуу жүзүндө билдирүү менен) укуктуу.

3.13. Түзүм жетекчиси өз структурасындагы окутуучулардын көрсөткүчтөрүн атайын санариптик система аркылуу 30-майга чейин верификацилоодон өткөрүүгө милдеттүү.

**4. Түзүмдөр тарабынан уюштурулган ички рейтинг, уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыктарын чыгаруу тартиби жөнүндө**

4.1. ОшМУнун түзүмдөрү тарабынан өз алдынча ички рейтинг (мындан ары ички рейтинг) да уюштурулат. Ички рейтинг факультеттин, жогорку мектептин, институттун, колледждин, кафедранын, ПЦКнын, бөлүмдүн (мындан ары - түзүм) алкагында өз алдынча өткөрүлөт;

4.2. Түзүмдө ички рейтингди жүргүзүүнүн максаттары

- ПО курамынын илимий-педагогикалык ишмердигинин университеттин билим берүүгө койгон талаптарына шайкеш келүүсүн камсыздоо аркылуу ПО курамынын илимий-педагогикалык чеберчилигин андан ары өркүндөтүүнүн жолдорун аныктоо үчүн кесиптик милдеттерди аткаруу деңгээлине объективдүү баа берүүгө жана өзүн өзү баалоого жетишүү;

- окутуучу менен университеттин ортосундагы эмгек келишимин түзүү, узартуу же мөөнөтүнөн мурда жокко чыгаруу чечимдерин кабыл алууда, окутуучуларга семестрдик, жылдык окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүүдө түзүмдүн жетекчисинин чечимдерининин негиздүүлүгүн, обьективдүүлүгүн камсыздоо;

4.3. Ички рейтинг университеттик рейтингдин милдеттүү эмес бөлүгү болуп саналып, төмөнкү маселелерде чечимдерди кабыл алууга негиз болот:

- түзүмдүн профессордук-окутуучулук курамынын ишмердигине ички баалоо жүргүзүү;

- түзүмдүн профессордук-окутуучулук курамын мотивациялоо;

- окутуучулардын квалификациялык даярдыгына байланышкан көйгөйлөрдү аныктоо жана ага ылайык чечимдерди кабыл алуу;

- түзүмдүн ишмердигине, өнүгүп-өсүүсүнө, университет, коомчулук, мамлекет ж.б. тараптардан коюлган тапшырмалардын аткарылышындагы окутуучунун салымын аныктоо;

- түзүмдүн ваканттык кызмат орунундарына дайындоого, конкурстук негизде өткөрүлгөн ваканттык орундарга шайлоого же кайра шайлоого катышууга, сыйлыктарга сунуштарды берүүдө обьективдүүлүктү камсыздоо;

- Окутуучунун семестрдик, жылдык окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн аныктоо.

4.4. Ички рейтингди өткөрүүнүн тартиби, жол-жобосу, инструменттери (критерийлери), упай топтоо жолдору тиешелүү түзүмдө иштелип чыгат, түзүмдүн жыйынында талкууланып протоколдоштурулат, факультеттин, жогорку мектептин, институттун, колледждин окумуштуулар кеңеши, педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилет;

4.5. Ички рейтингди өткөрүүнүн жол-жоболору, критерийлери, инструменттери бир академиялык мезгилден (бир окуу семестри) кем эмес убакыт алдын ала жамааттын ар бир мүчөсүнө расмий кат аркылуу тааныштырылат. Ички рейтингдин жыйынтыктарынын негизинде чечимдер коллегиалдуу кабыл алынат, протоколдоштурулат.

**5. Жобону өзгөртүү, толуктоо жана жокко чыгаруу тартиби**

4.1. Жобонун тиркемелери ар бир окуу жылында бир жолу бул жобонун 2.2. пунктуна ылайык жумушчу топ тарабынан кайра каралат, өзгөртүлөт, толукталат, университеттин окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

4.2. Жобонун (негизги документтин) мазмунуна 30%дан көп өзгөртүүлөрдү кийирүү зарылчылыгы жаралган учурда жобонун өзү, тиркемелери ректордун буйругу менен жокко чыгарылат. Башка учурда ректордун буйругу менен бир жолу иштөөчү жумушчу топ тарабынан жобого (негизги документ) өзгөртүүлөр киргизилет, университеттин окумуштуулар кеңеши тарабынан кайра бекитилет.

**Тиркеме №1**

**“Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүү жөнүндөгү” жобонун 1-тиркемеси**

**“Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамынын жылдык рейтингин жүргүзүүнүн жана упай топтоосунун жол-жобосу жөнүндө”**

Профессордук-окутуучулук курамдын жылдык рейтингин жүргүзүүнүн критерийлери, упай топтоо жолу төмөнкү таблицага ылайык жүргүзүлөт:

| | **Критерийлердин багыттары** | **Максималдык упай** | **Эскертүү** |
|---|---|---|---|
| | **1. Окутуучунун педагогикалык жана сабактан сырткаркы ишмердиги боюнча өзүн-өзү баалоосу** | | |
| 1.1. | Окутуучунун окуу-усулдук (педагогикалык) ишмердиги | 40 | |
| 1.2. | Окутуучунун эл аралык байланыштардагы салымы | 30 | |
| 1.3. | Окутуучунун студенттердин сабактан сырткаркы өнүгүүсүнө багытталган иштердеги, коомдук, уюштуруу иштериндеги салымы | 30 | |
| 1.4. | Окутуучунун эмгек тартиби | 0 | Жалпы упайдан кемитилүүчү упай |
| | Жыйынтыгы | **100** | |
| | **2. Студенттердин окутуучуга берген баасы** | | |
| 2.1. | “Окутуучу студенттин көзү менен” студенттер арасында сурамжылоонун жыйынтыгы менен окутуучунун чогулткан упайы | 100 | “Студенттин ОшМУда билим алууга жана билим алуу шарттарына канааттануусуна мониторинг” жөнүндө жобо |
| 2.2. | “Окутуучунун академиялык чынчылдык көрсөткүчүн аныктоо” сурамжылоонун жыйынтыгы менен окутуучунун чогулткан упайы | 100 | |
| | жыйынтыгы | **200** | |
| | **Жалпы топтолуучу упай** | **300** | |

2. **Окутуучунун педагогикалык жана сабактан сырткаркы ишмердиги боюнча өзүн-өзү баалоосу төмөнкү критерийлер боюнча жүргүзүлөт**

| № | Критерий | Тастыктамасы жана түшүндүрмө | Колдонулуу-чу санарип платформа | Упай чогултуу жолу | Упай |
|---|---|---|---|---|---|
| **1. Окуу-усулдук (педагогикалык) ишмердиги**<br>*(Максималдык упай - 40)* | | | | | |
| 1.1 | Сабактардын окуу-усулдук материалдар менен жабдылышы | Дисциплиналардын окуу-усулдук комплекси менен камсыздалышына жана сабактардын электрондук окуу материалдар менен системалуу жабдылышына электрондук журнал аркылуу анализ жүргүзүлөт, толтурулушунун пайыздык көрсөткүчү аныкталат. Дисциплиналардын окуу-усулдук комплекси жана электрондук окуу материалдары дегенде дисциплина боюнча электрондук журналга тиркелген төмөнкү документтер, шилтемелер эске алынат:<br>- силлабус;<br>- баалоо каражаттары (УТ, АТ, жыйынтыктоочу текшерүү каражаттары), критерийлери;<br>- өз алдынча иштөө үчүн берилүүчү материалдар жана тапшырмалар;<br>- темаларды өздөштүрүү максатында колдонулган видеолор, презентациялар, теориялык материалдар ж.б.у.с. файлдар<br>- ж.б. | Электрондук журнал<br><br>(система өзү алат) | С/10<br>С – система тарабынан аныкталган электрондук журналдын толтурулушунун пайыздык көрсөткүчү | 10 |
| 1.2. | Мастер класстарды өткөрүү | Окуу жыл ичинде окутуучу тарабынан өткөрүлгөн ачык сабак, моделдик сабак, мастер класс, воркшоп, семинар, тренинг ж.б. жөнүндө тастыктоочу видеолорго, маалыматтарга, документтерге шилтемелер; окутуучу 10дон ашпаган сандагы шилтемелерди жайгаштыра алат. | Электрондук өздүк баракча<br><br>(окутуучу толтурат) | С*0,5<br><br>С – кийирилген шилтемелердин жалпы саны | 5 |
| 1.3. | Жарык көргөн усулдук колдонмолору | Окутуучунун ОшМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилген акыркы 3 жылда жарык көргөн усулдук колдонмолорунун шилтемеси. Окутуучу 3төн ашпаган сандагы колдонмолорду көрсөтө алат. | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | С*2<br>С – жарыкка чыккан колдонмолордун саны | 6 |
| 1.4. | СӨАИни уюштуруунун, студенттер менен иштөөсүнүн сапаттык көрсөткүчү | Студенттердин өз алдынча иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн окутуучунун жетекчилиги менен аткарылган окуу жыл ичиндеги иштердин жыйынтыктары: долбоорлору, изилдөөлөрү, илимий макалалары, отчеттору, ойлоп табуулары, иштелмелери, эл алдында жасалган баяндамалары, эл алдында жасалган презентациялары ж.б.у.с тастыктоочу шилтемелер. Окутуучу 10дон ашпаган сандагы шилтемени жайгаштыра алат. | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | С*1,5<br>С – шилтемелердин саны | 15 |
| 1.5. | Кесиптик, педагогикалык квалификация-сын жогорулатуусу | Окутуучунун акыркы 3 жылдагы усулдук, педагогикалык, кесиптик квалификациясын жогорулатуусун тастыктоочу документтерге шилтемелер. Окутуучу 5ден ашпаган сандагы шилтемени жайгаштыра алат. | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | С*0,4<br>С – шилтемелердин саны | 2 |
| 1.6. | Педагогикалык, кесиптик, илимий ишмердигиндеги | Акыркы 3 жылдагы усулдук, педагогикалык, кесиптик, илимий ишмердигиндеги жетишкендиктерин тастыктоочу документтерге (дипломдор, сертификаттар, грамоталар, ыраазычылык каттар, протоколдор ж.б.у.с.) шилтемелер | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | С*0,5<br>С – шилтемелердин саны | 2 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жетишкендиктери | (Окутуучу 4төн ашпаган сандагы шилтеме жайгаштыра алат) | | | |
| **2. Окутуучунун эл аралык байланыштардагы салымы**<br>*(Максималдык упай – 30. Упайлардын саны 30дан ашкан учурда система 30 гана упайды эсептейт)* | | | | | |
| 2.1. | Тилдерди билүүсү | Тилдерди билүү деңгээлин аныктаган расмий тест системаларынын акыркы 3 жылдагы сертификаттарына шилтемелер (Кыргыз тест – С1, TOEFL – 85, IELTS – 5.5, HSK – 3, Орус тили – В2, ж.б. жана андан жогорку деңгээлдеги тил билүүсүн тастыктоочу сертификаттар). Мында бир тил үчүн бир гана сертификат көрсөтүлөт. | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | C*5<br>C – тил билүүсүн тастыктоочу сертификаттардын саны | |
| 2.2. | Эл аралык тажрыйба алмашуусунун сапаттык көрсөткүчтөрү | Акыркы 3 окуу жылындагы эл аралык тажрыйба алмашуусунун, иш сапарларга чыгуусунун, академиялык мобилдүүлүк программаларга катышуусунун натыйжасы менен өткөргөн иш-чаралары. Иш чараны тастыктоочу шилтемелер (сайттагы маалыматтарга, сертификаттарга, документтерге шилтемелер) | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | C*3<br>C – шилтемелердин саны | |
| 2.3. | ОшМУга чет өлкөлүк өнөктөштөрдү тартуусу | Билим берүү программаларын ишке ашырууда чет өлкөлүк өнөктөштөр (окуу жайлар, иш берүүчүлөр, компаниялар) менен окуу жыл ичинде иш алып баруусу; Тастыктоочу документтерге, иш чараларга шилтемелер<br>(Окутуучу 3төн ашпаган шилтемелерди жайгаштыра алат) | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | C*5<br>C – шилтемелердин саны | |
| 2.4. | Эл аралык предметтик олимпиадаларга, сынактарга студенттерди даярдоонун сапаттык көрсөткүчү | Окутуучунун жетекчилигинде студенттердин эл аралык предметтик олимпиадалардан, болочок кесибине багытталган эл аралык сынактардан сыйлуу орундарга (1,2,3-орун, атайын номинациялар) жетишүүсүн, окутуучунун жетекчи экендигин тастыктаган документтердин шилтемеси же ОшМУнун официалдуу сайтына жарыяланган ссылкасы. Мында олимпиадага же сынакка 3төн кем эмес сандагы өлкөлөрдөн катышуучулар болгондо "эл аралык" деп кабыл алынат. | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | C*10<br>C – шилтемелердин саны | |
| **3. Окутуучунун студенттердин сабактан сырткаркы өнүгүүсүнө багытталган иштердеги, коомдук, уюштуруу иштериндеги салымы**<br>*(Максималдык упай – 30. Упайлардын саны 30дан ашкан учурда система 30 гана упайды эсептейт)* | | | | | |
| 3.1. | Студентик ийримдерди, клубдарды иштетүүсү | Студенттердин кесиптик, көркөм чыгармачылыгын, социалдык-өздүк, маалыматтык-технологиялык компетенцияларын өнүктүрүүгө, олимпиадага даярдоого багытталган ийримдерди, клубдарды иштетүүсүн тастыктоочу документтерге шилтеме (документтин мазмунунда декандын колу менен бекитилген жобосу, иш планы, катышуучулардын тизмеси, иштөө регламенти, факультеттин окумуштуулар кеңешинде угулган, жактырылган отчеттору жөнүндө протоколу ж.б.у.с. камтылышы керек). Окутуучу 2ден ашпаган шилтеме жайгаштыра алат. | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | C*5<br>C - шилтемелердин саны | |
| 3.2. | Коомдук, маданий-массалык, спорттук иш- | Окуу жылы ичинде коомдук, маданий-массалык, спорттук иш-чараларга уюштуруучу же жеңүүчү-катышуучу болгондугун тастыктоочу документке | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | C*2<br>C - шилтемелердин | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | чаралардагы салымы | шилтеме (документтин мазмунунда ректордун же декандын колу менен бекитилген жобосу, иш планы, программасы, протоколу ж.б.у.с. камтылышы керек). Окутуучу 5тен ашпаган шилтеме жайгаштыра алат. | | саны | |
| 3.3. | Кошумча аткарган кызматтык милдеттери | Кошумча аткарган кызматтык милдеттери:<br>- факультеттин окумуштуулар кеңешинин катчысы;<br>- билим берүү программасынын жетекчиси;<br>- декандын (директордун) орун басары;<br>- усулдук кеңештин жетекчиси;<br>- структуранын сайт боюнча жооптуусу;<br>- структуранын профкому;<br>- сырткы байланыштар боюнча жооптуу;<br>- практика боюнча жооптуу;<br>- аялдар кеңешинин төрайымы;<br>- илимий иштерге жооптуу;<br>-тарбиялык иштерге жооптуу.<br>Жогоруда көрсөтүлгөн категориялардын бирин тандаганда окутуучуга 10 упай берилет. | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | 10 | 10 |
| 3.4. | Жумушчу топто иштөөсү | Университеттик жумушчу топтордо (атайын комиссия, жумушчу топ, фокус группа, уюштуруу комитети) иштегендигин тастыктаган документтерге (ректордун буйругу, иш пландар, программалар, отчеттор, справкалар, ж.б.) шилтемелер. Окутуучу 3төн ашпаган сандагы шилтемелерди жайгаштыра алат. | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | С*3<br>С - шилтемелердин жалпы саны | |
| | | Факультеттик/институттук/колледждик денгээлде жумушчу топтордо (атайын комиссия, жумушчу топ, фокус группа, уюштуруу комитети) иштегендигин тастыктаган документтерге (буйрук, буйрутма, иш пландар, программалар, отчеттор, справкалар, ж.б.) шилтемелер. Окутуучу 3төн ашпаган сандагы шилтемелерди жайгаштыра алат. | | С*2<br>С - шилтемелердин жалпы саны | |
| | | Окуу жылы ичинде мамлекеттик денгээлдеги (республикалык, областтык, шаардык) жумушчу топтордо, атайын комиссияларда иштегендигин тастыктаган документтерге (буйруктар, иш пландар, отчеттор, справкалар) шилтемелер | | С*2<br>С - шилтемелердин жалпы саны | |
| 3.5. | Жумушчу топту жетектөөсү | Университеттик жумушчу топту (атайын комиссия, жумушчу топ, фокус группа, уюштуруу комитети) жетектеп иштегендигин тастыктаган документтерге (ректордун буйругу, иш пландар, программалар, отчеттор, справкалар, ж.б.) шилтемелер. Окутуучу 2ден ашпаган сандагы шилтемелерди жайгаштыра алат. | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | С*5<br>С - шилтемелердин жалпы саны | |
| | | Факультеттик/институттук/колледждик жумушчу топту (атайын комиссия, жумушчу топ, фокус группа, уюштуруу комитети) жетектеп иштегендигин тастыктаган документтерге (ректордун буйругу, иш пландар, программалар, отчеттор, справкалар, ж.б.) шилтемелер. Окутуучу 2ден ашпаган сандагы шилтемелерди жайгаштыра алат. | | С*3<br>С - шилтемелердин жалпы саны | |
| | | | | С*2<br>С - шилтемелердин жалпы саны | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3.6. | Насаатчылык | Окутуучунун кафедрада/бирикмеде жаш окутуучуларга насаатчы экендигин тастыктаган кафедранын документтерине шилтеме. Бир окутуучу 2ден ашпаган жаш окутуучуга насаатчы боло алат. | Электрондук өздүк баракча (окутуучу толтурат) | С*2,5<br>С - шилтемелердин жалпы саны | 5 |
| **4. Окутуучунун эмгек тартиби жөнүндө критерийлер**<br>Бул критерийлер боюнча чогулган упайлар жалпы упайдан кемитилет | | | | | |
| 4.1. | Окутуучунун себепсиз сабактарды үзгүлтүккө учуратуусу | Академиялык иштер департаменти, тиешелүү деканат, кафедра тарабынан катталган учурлардын саны. Чогулган упай жалпы упайдан кемитилет. | Электрондук журналга акт түзүлүп, катталат (система өзү алат) | С*3<br>С – катталган учурлардын саны | |
| **Эскертүү: Окутуучунун илимий иштер багытындагы ишмердиги жана инвестициялар, долбоорлор менен иштөөсү илим бөлүмү тарабынан иштелип чыккан жобого ылайык жүргүзүлөт. Рейтинг өзүнчө жүргүзүлөт.** | | | | | |